**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ОРОЗБЕКОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Орозбеков айылдык кеңешинин кезектеги экинчи сессиясы**

Учкун айылы 2024-жылдын 07-марты

# ТОКТОМ № 7

**“Орозбеков айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси -айыл өкмөтүн түзүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, талкуулап, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” Токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Орозбеков айыл аймагынын айыл өкмөтү”-мекемеси жана “Көтөрмө айыл аймагынын айыл өкмөтү”-мекемеси бириктирүү жолу менен “Орозбеков айыл аймагынын айыл өкмөтү”- мекемеси болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

-Мамлекеттик тилде: “Орозбеков айыл аймагынын айыл өкмөтү”- мекемеси

-Расмий тилде: учреждение “Айыл окмот Орозбековского айылного аймака”

2. “Орозбеков айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесине өткөрүп берүү-кабыл алуу актысы бекитилсин.
3. “Орозбеков айыл аймагынын айыл өкмөтү ” мекемесинин Жобосу бекитилсин.
4. “Орозбеков айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Баткен облусу, Кадамжай району, Орозбеков айыл аймагы, Учкун айылы, Кыргызстан 60-жылдык көчөсү № 46 болуп аныкталсын.
5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
6. Орозбеков айылдык кеңешинин 2016-жылдын 30-апрелиндеги “Орозбеков айыл аймагынын айыл өкмөтү жөнүндө жобосун бекитүү жөнүндө” №23/1 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага:** **А.Бактыбаев**